инвестиция тартылып толук бүткөрүлгөн. Бирок тийиштүү адистердин жетишсиздигинен бүгүнкү күндө токтоп турат. Чыгарылган продукциянын технологиясы туура болбогондуктан гипсокартондор сынып, базардан өз ордун таба албай жатат.

Райондо бут кийим тигүүчү «Золотое Руно» ишканасы быйылкы жылда мамлекеттик ишканалар менен келишим түзүп, алардан алынган заказ боюнча тигүү иштерин жүргүзүп жатат. Республикалык өрттөн куткаруу ишканасына 1850,0 миң сомго керзовой өтүктөрүн тигип берген. Андан сырткары Ош электро акционердик коомуна 1000 жуп атайын өтүктөрдү тигүү боюнча келишим түзгөн. Бул заказдардын негизинде жылдын аягына чейин 3,0 млн сом өнөр жай продукциясын өндүрүү күтүлүүдө.

«Дома-Ата» пахтаны кайра иштетүүчү заводу быйылкы жылдын пахтанын аздыгынан иштебей токтоп турат. Бирок пахтанын чигитин кайра иштетип май чыгаруу багытында курулган май заводу бүгүнкү күндө толук кубаттуулукта иштеп жатат. Ислам банкынан 10,0млн. доллар кредит алынып Россия мамлекетинен 2148 тонна күн карама алынып келинип, аны кайра иштетип рафинаддалган таза май продукциясын 3-5 литрдик пластик банкаларына куюп фассовкалап чыгарылып жатат. Чыгарылган продукция «МЕРСИКО» кайрымдуулук фондуна сатылып жатат. Эгерде жылдын аягына чейин май чыгаруучу завод стабилдүү иштесе 42,9 млн сомдук продукция өндүрүлүп, өнөр жай тармагына кошумча көлөмгө киргени турат. Андан сырткары күн караманын кайра иштетүүдөн калган күн жарасын тоют катары кайра иштетүү боюнча Кытай мамлекетинен 16,0 миң долларга жем азыгын чыгаруучу жабдыктарды сатып алуу боюнча келишим түзүп келинген. Жакынкы күндөрдө күнжара постогун кайра иштетип жем азыгын чыгарып элге кеңири тоют сапаттындагы жем тартуулоо максатын ишке ашыруу үстүндө иштеп жатат. Күн караманын күнжарасын кайра иштетүүдөн 15,0 млн сомдун тегерегинде өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмүнө кирүүсү күтүлүүдө.

Райондун аймагындагы пахтаны кайра иштетүүчү «Зирветекс», «Санпа» ишканалары быйылкы жылда керектүү сырьенун жоктугунан, пахта аянтынын аз эгилгендигине байланыштуу толук кубаттуулукта иштей албоосу күтүлүүдө. Өткөн жылдын ушул мезгилинде «Зирветекс» ишканасы 558 тонна, «Санпа» ишканасы 218 тонна пахта буласын иштеп чыгарып, жалпы суммасы 25,0 млн сомдук продукция областтын өнөр жай көлөмүнө кошулган. Эгерде быйылкы жылы бул ишканалар иштебей калса 25,0-30,0 млн сомго облустун өнөр жай өндүрүшүн артка тартканы турат.

Райондо курулуш материалдарын чыгаруу багытында да бир канча иш аракеттер жүргүзүлүп жатат. Атап айтсак Кайрагач участкасында ПСК блок жана брусчатка чыгаруучу мини цех орун алган. Ал ишканада күнүнө 400 даана ПСК блок жана 40 м2 брусчатка чыгарылат.

Райондун курулуш кыштарын чыгаруучу Барпы жана Ырыс айыл округунун аймагындагы кыш чыгаруучу заводдорунун өндүрүшү өткөн жылга салыштырмалуу төмөн. Быйылкы жылы сатып алуучунун аз болуп жаткандыгынан өндүрүш кубаттуулугу толук иштебей калган. Райондун аймагындагы кыш чыгаруучу заводдору 2009-жылдын 8 айында 2578,0 миң даана курулуш кыштары чыгарылган.

Райондо азык түлүк продуктуларын чыгаруу багытында да бир катар ишкерлер иш жүргүзүшүүдө. Атап айтсак Ырыс айылында колбаса чыгаруу боюнча мини цех ишке киргизилген. Колбаса цехи жаңы ачылып сапатын сыноо үчүн алгачкы продукцияларды чыгарууда. Андан сырткары райондун борборунда кондитер азыктарын (нават, парварда) чыгаруучу кичи цех ачылган. Бул ишкана айына 1000 кг нават, 500-600 кг парварда жана конфеттерди чыгарууда .

Райондун аймагындагы көмүр өндүрүүчү ишканалар 2009-жылдын 8 айында 2702 тонна көмүр өндүрүшкөн. Маркай участкасынан бир эле сентябрь айында 1325 тонна көмүр казылган.

«Көк-Жаңгак» шаарындагы «Жетиген» акционердик коому азыркы учурда Кыргызнефтегаз акционердик коому менен 3,0 млн сомдук жабдык чыгарууга келишим түзүп анын негизинде иш жүргүзүп жатат. Бүгүнкү күндө 700,0 миң сом акча алдын ала алынып, алардын заказы боюнча бургулоо иштерине керектүү жабдууларды жасап жатышат. Эгерде келишимдин негизинде толук иш жүргүзүлсө, анда жылдын акырына чейин өнөр жай

көлөмүнө 3,0 млн сом кошулат. Андан сырткары Таза суу программасынын негизинде кышында тоңбой турган водоразборный колонкаларды жасап чыгаруу боюнча келишим түзүү алдында турат. Эгерде келишим түзүлүп калса 2,0 млн сом дагы кошумча көлөмгө кирет.

«Көк-Жаңгак көмүрү» көмүр казуучу ишканасы учурда даярдоо иштерин жүргүзүп жатат. Бүгүнкү күнгө чейин бир тонна да көмүр казып алган эмес. Эгерде көмүрдү ачуу иштери аяктаса, анда ачык шахтада көмүр казууга өтөт жана жылдын аягына чейин 2000 тонна көмүр казып алууга мүмкүнчүлүк жаралат.

Сузак району боюнча бүгүнкү күндө 35 керек-жарак, соода сатык багытындагы коомдук обьект каттоодон өтүп курулуп жатат. Алардын ичинен 7 обьекти мамлекеттик кабыл алуу комиссиясына тапшырылган. 2009-жылдын сентябрь айына чейин 140 жеке турак жай курулуштары кабыл алынып, жалпы аянты 11516,8 чарчы метрди түзүп, жалпы суммасы 80867,0 миң сом болду. Сузак райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгы тарабынан 9 айдын ичинде 340 жеке турак жай куруу үчүн долбоор даярдалып элге берилген.

**Адабияттар**


1. Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсү», Бишкек 2009.
2. Областтык статистика башкармасынын, Сузак райондук статистика бөлүмүнүн статистикалык материалдары. Жалал-Абад 2009.


* * *


***Турдубеков Б.М., Төлөнов Э.Н., Аскарова А.К.***


## Сузак районунда социалдык жактан коргоо жана жакырчылыкты жоюу проблемалары

Сузак району боюнча 2009-жылга 43702 үй-бүлөө, 224464 адам жашайт. Колдоого муктаж аз камсыз болгон үй-бүлөөлөр: 0-200сомго чейин 11808 үй-бүлөө б.а. 27,02%.

Өтө жакыр үй-бүлөөлөр: 201-640 сомго чейин 1031 үй-бүлөө б.а. 2,36%.

Жакыр үй-бүлөөлөр: 641-963 сомго чейин 1445 үй-бүлөө б.а. 3,31%.

Бардык жакыр үй-бүлөөлөр: 14284 үй-бүлөө болуп, жакырчылык деңгээли 32,69%ды түзөт.

01.01.2009-жылга 2916 үй-бүлөө колдоого алынып б.а. 6,91%, ал эми 01.10.2009-жылга 737 үй-бүлөө б.а. 1,69% га жашоо деңгээлдери жогорулады.

Сузак районуна караштуу айыл округдар тарабынан колдоого алынган аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө берилген жардамдар боюнча:

Айыл Өкмөт тарабынан 461 үй-бүлөөгө 63200 сом натуралай, 366600 сом акчалай,

Демөөрчүлөр тарабынан 1078 үй-бүлөөгө 10992280 сом натуралай, 8500 сом акчалай,

Жандыктар 4 үй - бүлөөгө 38300 сом натуралай,

Даталуу күндөргө 4983 үй-бүлөөгө 434169 сом натуралай, 890232 сом акчалай,

Бардыгы болуп 6526 үй-бүлөөгө 2900281 сомдук жардамдар берилди.

Сузак району боюнча 114 өз ара жардамдашуу топтору иштеп жатат, 2108 мүчөсү бар, бүгүнкү күндө 1177900 сом өздүк акчасы бар, 160000 сом кредит алышып, иштетип жатышат. Ал эми район боюнча 54 жамааттар иштеп, бүгүнкү күнгө 1999 мүчөсү, 475360 сом өздүк акчасы бар, алган кредити 275000 сомду түзөт. Сузак районунда 1 коомдук бирикме иштейт, 16 мүчөсү, 16000 сом өздүк акчалары бар. Райондо 4 кредиттик союз иштейт, бүгүнкү күнгө 322800 сом өздүк акчаларын өз ара процентке айлантып 201 мүчөсү, 300000 сом кредит алышып эмгектенүүдө, бир ассоциация иштеп, 10 мүчөсү 107110 сом өздүк акчасын өз ара ар кандай жол менен иштетип көбөйтүп жатышат.

Сузак району боюнча 188 тоголок жетим, 1774 жарым жетим бала каттоодо турат. Айылдык округдар тарабынан «Нооруз» майрамына 81800 сом, «Балдарды коргоо» күнүнө карата 126700 сомдук майрамдык сый тамактар жана белектер берилген.

Район боюнча жазгы эс алууга Көк-Жаңгак шаарынын «Арууке» лагерине отуз бала, Арстанбап айылынын «Достук» лагерине он бала, ал эми Кызкөл айылынын «Жылан-Темир» лагерине кырк бала барып эс алып кайтышты.

Демөөрчүлөр «Хьюмен Эппиэл Интернейшнл», спонсорлор «Салим Бен Ахмедан Нуейми», Жалал-Абад областы боюнча куратору Абдураимов Ахмалидин тарабынан, райондогу 32 тоголок жана жарым жетим балдардын ар бирине бүгүнгү күндө 18 жашка толгонго чейин 1000 сомдон жардам акча берип жатышат. Ошондой эле район боюнча Жалал-Абад областтык «Ак Жол» балдарды жайгаштыруу борборуна 10 майып бала каттоого алынып, 20 майып балага 150 сомдон, 3000 сомдук акчалай жана 5000 сомдук азык түлүк түрүндө, белектер таркатылды. Таш-Булак айыл округунун тургуну Д.Темировко, Атабеков айыл округунун тургуну Исмат уулу Нусуратиллого майыптык коляскалар берилди.

Сузак районунда социалдык жактан коргоо максатында 171 багар көрөрү жок жалгыз бой кары картаңдарды 29 социалдык кызматкер тейлейт. Жалгыз бой кары картаңдарды тейлөөдө 1847 жолу тамак-аш, азык-түлүктөрүн, 384 жолу врачтарды чакыртышып аптека, базарлардан дары-дармектерин сатып келишкен жана дайыма аңгемелешүүлөрдү жүргүзүп, үй жумуштарына жардам берип турушат. Айыл округдар тарабынан 38 адамга 14080 сомдук, ал эми демөөрчүлөр тарабынан 32 адамга 4930 сомдук, 82 адамга 6150 кг ун, 32 адамга 656 кг май гуманитардык жардамдар көрсөтүлдү.

Райондогу колдоого муктаж аз камсыз болгон 11808 үй-бүлөөнүн ичинен 2009-жылдын октябрь айына карата 9909 үй-бүлөөгө башкача айтканда: 3593 бала 1,5 жашка чейин, 26031 бала 16 жашка чейинки балдар, бала төрөлгөндө бир жолу берилүүчү сүйүнчү акча 1998 балага, бардыгы 29624 балага жөлөк пул чектелди. Социалдык пособие 2142 үй-бүлөөгө чектелип анда 2372 атуул социалдык пособие менен камсыз болгон.

Керектелүүчү сумма 1,5 жашка чейинки балдарга 6250,6 миң сом, 16 жашка чейинки балдарга 24411,6 миң сом, сүйүнчү акча 1229,9 миң сом, социалдык пособие 14593,9 миң сомду түзүп, каржылоо боюнча 4655,0 миң сом бөлүнүп, 16 жашка, 1,5 жашка чейинки балдарга жөлөк пулдар, сүйүнчү акча жана социалдык пособие октябрь айына төлөнүүдө.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик жөлөк пулдарды чектөөдө жөлөк пулдардын даректүү жеткирилиши үчүн, айыл округдардын социалдык адистери, айыл башчылары менен тыгыз байланышта иштешүүдө. Байланыш бөлүмдөрү аркылуу берилип жаткан жөлөк пулдарды даректүү жеткирилип жаткандыгы дайым көзөмөлдө турат.

Мамлекет тарбынан берилүүчү жеңилдиктерди алууга укугу бар 1407 атуул каттоодо турат. Алардын ичинен Улуу Ата-Мекендик согуштун майыптары 43, катышуучулары 68, жесирлери 131, Ooган согушунун ардагерлери 310, алардын ичинен майыптары 9, Чернобыль апаатынын катышуучулары 22, алардын ичинен майыбы 21, ЧАЭСтин жесирлери 7, ИИМ пенсионерлери 12, КАС кызматкерлери 17, пенсионерлери 11, акталган атуулдар 119, курман болгон жоокер үй-бүлөөсү 10, ардактуу донорлор 4.

Жогорудагы аталган категориядагы атуулдарга ай сайын республикалык бюджеттин эсебинен берилүүчү коммуналдык кызмат акы үчүн жана жол кире үчүн төлөнүүчү акча каражаттары өз убагында берилип турат. Ошондой эле Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарына, катышуучуларына, Советтик армиянын майыптарына, Чернобыль апаатынын катышуучуларына жана Ооган согушунун ардагерлерине жыл сайын ден соолуктарын чыңдоо үчүн санатория-курортторго жолдомолор берилет.

2009-жылга коммуналдык кызмат акы үчүн 1407 жеңилдик алуучуга 6411,4 миң сом, жол кире үчүн 663 жеңилдик алууга 1647,7 миң сом, 244 жеңилдик алуучуга 2979,5 миң сомдук санатория-курортторго жолдомо, 6 Улуу Ата Мекендик согуштун майыбына 25200 сомдук угуу аппараты, КМШ мамлекеттерине акысыз жол жүрүү үчүн 9 талон, 844 атуулга электр энергиясына 25% жеңилдик берилип, 52 майып атуул майыптык кресло коляска менен камсыз болду.

Жергиликтүү бюджет боюнча 402,60 миң сомдук жеңилдиктер көрсөтүлдү. Атап айтсак Чернобыль апаатынын катышуучуларына ден соолугун жоготкондугу үчүн, 62 акталган ден соолугун чыңдоо үчүн компенсация берилди.

**Адабияттар**


1. «Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсү», Бишкек 2009.
2. Областтык статистика башкармасынын, Сузак  райондук статистика бөлүмүнүн статистикалык материалдары. Жалал-Абад 2009.


* * *